БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ
АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ
AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# «Талас мамлекеттик университети» мекемесинин 050704 “Мектепке чейинки билим берүү” орто кесиптик билим берүү программасын программалык аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча тышкы баалоо боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу

**Төрайым:** ______________ колу — Омурзакова Жылдыз Кубанычбековна
КРЭАУ, окуу иштери жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча проректору, т.и.к., доцент.

**Комиссия мүчөсү:** ______________ колу — Султанбеков Шербек Черекчиевич
ББПУАА, директордун кеңешчиси, п.и.к.

**Референт:** ______________ колу — Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджери.

**15.05.2025 ж.– 16.05.2025 ж.**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)**

**"Талас мамлекеттик университети" мекемесинин 050704 "Мектепке чейинки билим берүү" орто кесиптик билим берүү программасын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

**1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү**

**Алсыз жактары:**

1. 050704 "Мектепке чейинки билим берүү" программасы боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы толуктоону талап кылат. ТалГУнун миссиясына дал келген, кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен түзүлгөн максаттары так аныкталган эмес.
2. Окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн мониторинг жүргүзүү процесси жөнгө салынган эмес.
3. Атайын дисциплиналардын мазмунун калыптандыруу үчүн эмгек рыногунун өкүлдөрүн тартуу жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин негизги кесиптик билим берүү программаларынын максаттары так аныкталып, толукталып иштелип чыксын.
2. Жыл сайын окуу процессин жакшыртуу, студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо үчүн комплекстүү мониторинг жүргүзүлсүн жана жыйынтыктары ишке киргизилсин.
3. 01.09.2025-жылга чейин. окуу пландарын талкуулоо жана атайын дисциплиналардын мазмунун аныктоо үчүн социалдык өнөктөштөрдүн катышуусу менен биргелешкен иш-чаралар уюштурулсун жана берилген сунуштамалар ишке киргизилсин.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

**2 - Стандарт аткарылып жатат**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо

**Күчтүү жактары:**

1. "Мектепке чейинки билим берүү программасы" боюнча практикалык лабораториянын түзүлүшү.

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк толук уюштуруган эмес.
2. "Мектепке чейинки билим берүү" программасы боюнча эмгек рыногунун озгөрүлмө талабына ылайык "Логопедия" багытындагы дисциплиналар жетишсиз.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025-жылга чейин студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
2. "Мектепке чейинки билим берүү" программасы боюнча эмгек рыногунун озгөрүлмө талабына ылайык "Логопедия" боюнча кесиптик дисциплиналар окуу планына киргизилсин жана ишке ашырылсын.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Алсыз жактары:**

1. Окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу системасы толук кандуу иштелип чыккан эмес жана системдүү түрдө жүргүзүлбөйт.
2. Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү төмөн деңгээде. Чет өлкөлүк же жергиликтүү академиялык алмашуу программаларына катышуусу жетишээрлик деңгээлде эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 01.09.2025 -ж окуу процессинин сапатын жогорулатуу максатында окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу программалары иштелип чыгып, системалуу негизде ишке ашыруу сунушталат.

2. Окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүн жана эл аралык тажрыйба алмашууну камсыз кылуу максатында академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашырууну активдештирүүнү сунуштайт.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Алсыз жактары:**

1. Колледжде окуу кабинеттери заманбап жабдуулар менен толуктоону талап кылат.

**Сунуштамалар:**

1. Колледжде окуу кабинеттери эки жылдын ичинде заманбап жабдуулар менен толукталсын.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**"Талас мамлекеттик университети" мекемесинин 050704 "Мектепке чейинки билим берүү" орто кесиптик билим берүү программасын**

**5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**16.05.2025 ж.**